**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын**
**кезексиз VIII сессиясы**

# ТОКТОМ № 41

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

## Жалгыз-Жаңгак айылында жаңы курулган мектепке ат коюу жөнүндө

Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жаңгак айылында курулган жаңы мектепке Көк-Арт орто мектебинде география мугалими болуп иштеп эмгеги синген, эл агартуунун мыктысы Казакбаев Сапарбек агайдын атын коюп берүү жөнүндө Жалгыз-Жангак айылынын тургундарынын кайрылуусун жана Жалгыз-Жангак айылынын депутаттарынын сунушун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Жаңы курулган жалпы билим берүүчү орто мектебине Сапарбек Казакбаевдин ысымын ыйгарууга макулдук берилсин.

2. Жаңы курулган жалпы билим берүүчү орто мектебине Сапарбек Казакбаевдин ысымын ыйгарып берүү боюнча сунуш Сузак райондук мамлекеттик адмнистрациясына жөнөтүлсүн.

3. Тийиштүү иш кагаздарын даярдап, тиешелүү мамлекеттик мекемелерге сунуштоо жагы Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы О.Анаркуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Э.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

## ТОКТОМ № 42

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

**Жалгыз-Жангак айылындагы сугат суунун тарифин бекитүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы эгин талаалардагы сугаруу боюнча бир жылкы төлөмдү бир гектарына 1500 (бир миң беш жүз) сомдон бекитип берүү боюнча Көк-Арт айыл өкмөтүнун алдындагы муниципалдык ишкананын жетекчиси К.Малашовдун кайрылуусун жана Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысы О.Анаркуловдун сунушун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы сугат суунун бир жылкы төлөмү бир гектарына 1500 (бир миң беш жүз) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Мыйзам чегинде келишим түзүп иш алып баруу муниципалдык ишкананын жетекчиси К.Малашовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын**
**кезексиз VIII сессиясы**

# ТОКТОМ № 43

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

**Жалгыз-Жангак айылындагы топурак казылып жаткан карьерди жабуу жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы жайыт жерди мыйзамсыз жеке жарандар тарабынан казылып, жайытты талкалап, астында жашаган жарандардын турак үйлөрүнө коркунуч жаратып жаткандыктан жабуу боюнча чечим кабыл алып берүүнү сурап Көк-Арт айыл өкмөтүнун алдындагы муниципалдык ишкананын жетекчиси К.Малашовдун кайрылуусун жана Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысы О.Анаркуловдун сунушун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы мыйзамсыз топурак казылып жаткан карьер жабылсын.

2. Мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы О.Анаркуловго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлөө жагы айыл чарба жана жер маселери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

## ТОКТОМ № 44

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

**Көк-Арт айыл аймагынын балансында турган авто уналарды сатуу жөнүндө**

Көк-Арт айыл өкмөтүнүн алдындагы Муниципалдык ишкананын балансында турган Камаз үлгүсүндөгү авто унааны жана айыл өкмөттүн эки даана Нива үлгүсүндөгү авто унааны сатып ордуна Хундай Портер унасын сатып алуу боюнча Муниципалдык ишкананын жетекчиси К.Малашовдун кайрылуусун жана Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысы О.Анаркуловдун сунушун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл өкмөтүнун алдынданы Муниципалдык ишкананын балансында турган Камаз авто унаасын жана Айыл өкмөттүн эки даана Нива үлгүсүндөгү авто унаасын мыйзам чегинде баалатып,сатууга макулдук берилсин.

2. Сатылган авто уналардын ордуна Хундай Портер авто унасы сатып алынсын.

5. Тийиштүү иш кагаздарын даярдап, мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Көк-Арт айыл өкмөтүнун башчысы О.Анаркуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын**
**кезексиз VIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 45**

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

**Жалгыз-Жангак жана Жерге-тал айылынын ортосундагы суу кампадан М.Орозалиева мектебине суу тартууга уруксат берүү жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын Жерге-тал айылындагы М.Орозалиева орто мектебине Кызыл-Ай коому тарабынан таза суу тартып келүү үчүн Жерге-Тал менен Жалгыз-Жангак айылынын ортосундагы суу кампадан суу тартууга уруксат берүүнү сурап мектеп директору К.Азимбаевдин кайрылуусун жана Көк-Арт айыл өкмөтүнүн башчысы О.Анаркуловдун сунушун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл аймагынын Жерге-Тал айылындагы М.Орозалиева орто мектебине таза суу үчүн Жалгыз-Жангак айылы менен Жерге-Тал айылынын ортосундагы суу кампадан суу тартууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Көк-Арт айылдык кеңешинин Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Исмаилов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**КӨК-АРТ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КӨК-АРТСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Көк-Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезексиз VIII сессиясы**

## ТОКТОМ № 46

Таран-Базар айылы . 23-июнь 2025-жыл.

**Көчөгө ат коюу жөнүндө**

Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы Жалал-Абад-Балыкчы жолунан оң тарапка кеткен бош көчөгө Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Атакулов Абжапардын атын коюп берүү жөнүндө элдик жыйындын протоколун жана Атакулов Даирбектин кайрылусун Көк-Арт айылдык кеңешинин депутаттары карап, талкуулап төмөнкүдөй **токтом кылат:**

1. Көк-Арт айыл аймагынын Жалгыз-Жангак айылындагы Жалал-Абад-Балыкчы жолунан оң тарапка кеткен бош көчөгө Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Атакулов Абжапардын ысымы ыйгарылсын.

2. Көчөнүн тазалыгын кароо жагы кайрылуу ээси Атакулов Даирбекке милдеттендирилсин.

3. Токтом кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Исмаилов**